**«Аманат-Токмок» билим берүү мекемесинде**

**мамлекеттик тилдин 32 жылдыгына карата өткөрүлгөн иш-чара боюнча**

**анализ**

23.09.2021.

2021-жылдын 23-сентябрында мамлеттик тилдин 32 жылдыгына карата иш-чара өткөрүлдү. **Иш-чаранын максаты:**

– Окуучулардын өз эли-жерин, эне тилибиз – мамлекеттик тилди, ата-бабадан калган улуу мурастарды урматтап аздектөөсүүчүн түрдүү булактардан маалыматтарды берүү;

– Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттыруу, атуулдук парзын аткаруу, ата мурастарын сактоо зарылдыгын туюндуруу, эне тилин сүйүүгө, сактоого умтулуу;

– Патриоттуулукка, намыскөйлүккө, ынтымак-достукка тарбиялоо.

Бул иш- чарага бардык класстын окуучулар менен жалпы жамаат катышты. Иш-чара Кыргыз Республикасынын Гимнин аткаруу менен башталды. Андан кийин «Кыргыз эли үчүн эмне ыйык?» деген суроого 1-5-класстын окуучулары «Манас», боз үй, ак калпак, Ала-Тоо, эне тили деп жооп беришти. Иш-чараны жүрүшүндө «Манас» эпосунан үзүндүүлөр, кыргыз тилин урматтоо, сактоо жана улуу тил экендигин даназалаган ыр саптары айтылып, көркөм окуулар окулду.Ошондой эле окуучулар кыргыз бийлерин бийлешип, кыргыз ырларын ырдашты. Тил жөнүндө макал-лакаптар айтылып, окуучулар тил адам жашоосундагы негизги түшүнүктөрдөн экендигине ынанышты.

Иш-чара Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили – Кыргыз тилинин Гимнин аткаруу менен жыйынтыкталды.

Кыргыз тили жана адабият мугалими Исаева А.А.

**«Аманат-Токмок» билим берүү мекемесинде**

**мамлекеттик тилдин 32 жылдыгына карата өткөрүлгөн иш-чара боюнча**

**анализ**

2021-жылдын 23-сентябрында мамлеттик тилдин 32 жылдыгына карата иш-чара өткөрүлдү. **Иш-чаранын максаты:**

– Окуучулардын өз эли-жерин, эне тилибиз – мамлекеттик тилди, ата-бабадан калган улуу мурастарды урматтап аздектөөсүүчүн түрдүү булактардан маалыматтарды берүү;

– Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттыруу, атуулдук парзын аткаруу, ата мурастарын сактоо зарылдыгын туюндуруу, эне тилин сүйүүгө, сактоого умтулуу;

– Патриоттуулукка, намыскөйлүккө, ынтымак-достукка тарбиялоо.

Бул иш- чарага бардык класстын окуучулар менен жалпы жамаат катышты. Иш-чара Кыргыз Республикасынын Гимнин аткаруу менен башталды. Андан кийин «Кыргыз эли үчүн эмне ыйык?» деген суроого 1-5-класстын окуучулары «Манас», боз үй, ак калпак, Ала-Тоо, эне тили деп жооп беришти. Иш-чараны жүрүшүндө «Манас» эпосунан үзүндүүлөр, кыргыз тилин урматтоо, сактоо жана улуу тил экендигин даңазалаган ыр саптары айтылып, көркөм окуулар окулду.Ошондой эле окуучулар кыргыз бийлерин бийлешип, кыргыз ырларын ырдашты. Тил жөнүндө макал-лакаптар айтылып, окуучулар тил адам жашоосундагы негизги түшүнүктөрдөн экендигине ынанышты.

Иш-чара Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили – Кыргыз тилинин Гимнин аткаруу менен жыйынтыкталды.

Кыргыз тили жана адабият мугалими Исаева А.А.

## «Аманат – Токмок» билим берүү мекемесинде 2021-2022-окуу жылында өтүлгөн "Алтын күз" иш- чарасынын анализи

19.10.2021

2021-жылы 19-октябрда 1-4 класстар арасында "Алтын күз"сүрөт сынагы өткөрүлдү. Сынактын максаты жана милдеттери: туулган жерге болгон сүйүүнү өрчүтүү, окуучулардын чыгармачылык жана элестетүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү, мектептин окуучуларын активдүү чыгармачылык ишке тартуу аркылуу моралдык-эстетикалык жактан тарбиялоо, табиятта болуп жаткан өзгөрүштөрдү байкап, назар салуу. Сынак 19-октябрда мектептин фойесинде өткөрүлдү. Сынакка активдүү 1-4 класстардан кырк үч окуучу сүрөт тартып активдүү катышты. Иш- чарага жоопту мугалим Турганбаева К.К. жана класс жетекчилер. Калыстар тобу катышуучулардын сүрөттөрүн карап чыгып, баалап негизги жыйынтыгын чыгарышты.
Ар бир класстын окуучуларыда конкурстук сүрөттөрдө төмөнкү шарттар талап кылынган.

- Сүрөттүн аталышы өйдөнкү сол бурчунда, аткаруучунун аты-жөнү жана классы ылдыйкы оң бурчунда болуусу шарт.
- Идеянын оргиналдуулугу.
- Сүрөт тартууда эч кандай чектөөлөр жок, карандаш, гуаш, акварель ж.б.
- Конкурска даярдык алдын ала жүргүзүлгөн.
- Сүрөттө рамканын болуусу шарт.
- Сүрөт "Алтын күз" темасын камтыш керек.
- "Алтын күз" сүрөт конкурсуна 1-4 класстардын окуучулары катыша алат.

Калыстар тобунун чечими менен кырк үч сүрөттүн ичинен жыйырма сүрөт тандалып алынып мектептин тактасына илинген. Жогоруда айтылган талаптарга жооп берген сүрөттөр тандалып алынган. Кээ бир сүрөттөрдүн катачылыгы: балдар өздөрү тартпастан ата- энелери жардам бергендиги белгилүү болгон. Калыстар тобунун чечими менен алдынкы беш сүрөт тандалып алынып, мактоо грамоталары окуучуларга ыйгарылды:

1- орун Табалдиев Абыл 4-класс
2- орун Абдыразаков Максат 3-класс
3- орун Ажымакунова Айбийке 3-класс
4- орун Жаныбекова Адеми 2-класс
5- орун Тотонова Карина 1-класс

География мугалими (подпись) Турганбаева К.К.

**Аманат-Токмок билим берүү мекемесинде күз мезгилине арналган**

**“Мекенимде алтын күз” көргөзмөсүнө анализ**

**2021-жыл 18-октябрь**

“Аманат-Токмок” билим берүү мекемесинде күз майрамына арналган **“Мекенимде алтын күз”** көргөзмө (иш чарасы) болуп өттү.

**Көргөзмөнүн максаты:** Окуучуларга табият менен таттуу мамиледе болууга үйрөтүү жана окуучулардын ой жүгүртүүсүн өрчүтүү.

**Көргөзмөнүн жүрүшү:**

**1. Саламадашуу (**Алып баруучу Ибраимов Абыш)

**1.1. КРнын гимни жаныртылды**

**2. 4-класстын кыздарынын аткаруусунда “алма тердик” ыры**

Баргыбаева Разия, Базекова Раяна, Сталбекова Эльнура, Сулайманова Нурсулуу

Жардам бердик алма тердик,
Бай калхоздун багынан.
Жангак кагып, кунго жайып
Койдук дагы жаныдан.

Жардам бердик жийде тердик,
Бакка чыктык ойнодук.
Ыр ырдадык, гул жыйнадык,
Жемиш тойун тойлодук.

**3. 5-6 –класстын балдар,кыздары күз мезгили туралуу декламация**

**Надира:**Алтын күздө сапсары

Араласам бакчаны

Айлана бүт шанданып

Капыстан ырдай баштады.

**Назгүл:**Буудаймын мен кыпкызыл

Ысык нанды жараткан

Ата-баба сыйлаган

Нечен кылым эл баккан.

**Эрмат:** Арпамын мен муруттуу

Мал тойгузган жан болом

Кампа толуп мен менен,

Баардыгына жем болом.

**Мухаммед:**Мен алмамын,алмамын

Бакта өсүп калганмын

Жесен тоюп курсагың

Шекер татыйт таңдайың.

**4. 6-класстын кыздары "жалын бий"**

**5.Алып баруучу: күз мезгилине байланыштуу табышмактар**

Ак болуп гүлдөйт,
Жашыл болуп салаңдайт,
Кызыл болуп түшөт.

(алма)

Теңселип жерден туулган камыш сабак,
Чеңгелдүү таманынан тамактанат,
Кучактап, жылуу ороп кабат-кабат,
Капырай колсуз туруп бала багат.

(жүгөрү)

Сырты бирөө тоголок,
Ичинде мин сан томолок.

(пияз)

Башы күндү ээрчиме,
Төлүн багат бетине.

(күн карама)

**6. Катышуучуларды патриотуулука үндөгөн чыгарма ырдалды.**

**"Кыргызстаным"ыры.**

Тарыхы бар нечен,
Ынтымагы дайым бекем.
Ала-Тоо - бешигим,
Башым ийип, таазим этем.
Керемет айымагы,
Желбиреп турсун байрагы.
Булагың ташарып,
Булбулдай сайрагын.

Кайырма:
Кыргызстаным! Кыргызстаным!
Билем мен, бир өзүндө ырыс-бакыт,
Өзүңсүз атпайт таңым
Кыргызстаным! Кыргызстаным!
Керекпи? Бир өзүңө арнайм жаным,
Аябайм тамчы каным!

Мекеним, мекерим,
Ыйыксың аны сеземин.
Түбөлүк сактайбыз,
Түшүрбөй бийик желегиң.
Баарыбыз бул тапта,
Баркыңды сезбей турсак да.
Кемитпей беребиз,
Келечек урпакка.

**Корутунду:** Көргөзмөгө 1-класстан 10-класска чейинки окуучулар катышышты жана алар табигый нерселерден,момо жемиштерден ар кандай нерселерди жазап ар бир класс активдүү катышты окуучулар көргөзмөдөн тышкары мугалимдерге жана окуучуларга жакшы маанай тартулоо үчүн 4-6-класстын окуучулары көргөзмөнү ыр,бий менен коштоп, ошондой эле күз мезгилине байланыштуу ар кандай табышмактарды айтып көрүүчүлөрдүн көңүлүн көтөрүштү. Окуучулардын жазаган көргөзмөлөрүн баало үчүн калыстар тобу түзүлүп алардын курамында окуу бөлүм башчысы Орозобаева Асель Джумгалбековна жана тарбия бөлүм башчысы Абдыкылыков Раатбек Кылычбекович ошондой эле математика мугалими Кожомкулова Айша Мааткуловна болду. Калыстар тобу өз ойлорун айткандан сон ар бир класс активдүү катышкандыгы үчүн мактоо баракчалары менен сыйланышты. Ошондой эле женген командаларга да алкыш сөзү айтылып жеңүүчүлөр калыстар тобунун чечими менен аныкталды алар; башталгыч класстардын арасынын

1-класс 1-орун

2-класс 2-орун

3-4-класстар 3-орунду камсыз кылышты.

Жогорку класстардын жыйынтыгы боюнча баардык класс активдүү катышкандыгына байланыштуу бир гана орун каралып жыйынтыгында 9-класс биринчи оорунду алды. Кийинки окуу жылында боло турган алтын күз майрамында ар бир класс жетекчи класс менен тыгыз иштешсе жана калыстар тобунан жеңүүчүлөргө 3 орун каралса окуучулардын мындан аары ушундай иш чараларга болгон кызыгуусу артат деген ойдобуз.

**Уюштуруучулар кыздар жатаканасынын тарбиячылары:**

**Асылбекова Саламат, Надырбек кызы Аксыйнат**

**«Аманат-Токмок» билим берүү мекемесинде 2021-2022-окуу жылында өткөрүлгөн**

**« Алтын күз» дил баян сынагынын анализи**

2021- жылдын 21-октябрында 4-10- класстар арасында «Алтын күз» дил баян сынагы өткөрүлдү. Сынакка 4-10- класстардан он жети окуучу дил баян жазышкан. Жазылган дил баяндарды сынак комиссиясы карап чыгып, өздөрүнүн бааларын беришип, ойлорун айтышты. Дил баяндар негизинен баяндоо ыкмасында ишке ашырылган. Жазылган дил баяндарды окуучулар талапка ылайык жогорку деңгээлде жаза алышкан эмес. Кээ бир дил баяндарда көчүрүүлөр орун алган. Ой жүгүртүүнүн жоктугунан, ойдун бай эместигинен темадан четтеп темадан тышкары ашыкча нерселерди жазып жиберишкен да дил баяндар бар. Ошондой эле окшош сөздөр да кайра-кайра кайталанып жазылган учурлар да кездешти. Дил баяндарды баалоодо төмөнкү ой жагдайлар эске алынды: темага ылайыктуулугу, байланышы, факт, цитаталарды, макал-лакаптарды, фразеологизмдерди ыктуу колдоно алышы, тилдик сабаттуулугу, орфографиялык жана пунктуациялык жактан эреже-нормаларга ылайык келиши , сүйлөмдөрдүн стилдик жана логикалык жактан курашптырылышы, оңдоолордун, булганган жерлердин жоктугу .
Жыйынтыгында ,сынак комиссиясы жогорку айтылгандарды эске алып байгелүү орундарга ылайык дил баяндар жазылган эмес деп эсептешип, жазылган дил баяндардын ичинен талапка жакыныраак жазылган деп үч окуучунун дил баянын тандашты. Аларга мактоо баракчасын берүү чечимин чыгарышты.

Кыргыз тили жана адабият мугалими Исаева А.А.

«Ырахмат сага,Алиппе!»1-класста өтүлгөн иш-чарага карата

анализи.

2022-жылы 25-майда биздин Аманат -Токмок билим берүү мекемесинде 1-класстын Алиппе майрамы өттү.Бул балдардын алгач мектеп босогосун аттагандагы 1-ийгилиги.Алгачкы жолу Алиппе китебин аякташты.Бул иш-чарага мектеп админстрациясы ,мугалимдер,ата-энелер,1-4-класстын окуучулары катышты.Зал майрамдык маанайда коoздолгон:Ырахмат сага,Алиппе деген баннер ,балдардын көз жоосун алган алган шариктер,түстүү тамгалар илинди.Ата-энелердин жардамы менен бирдиктүү форма кийишти.

Көп окуучулар мектеп босогосун аттаганда тамга таанибай,окуганды билбей келишкен.Эми алар акылдуу болуп калышкан.Анткени,окуганды жазганды үйрөнүштү.Аларга “Алиппе”

Китеби жардам берди.Балдар түрдүү тыбыштар,тамгалар менен кантип таанышканын эстеп калышты.

1-класстын окуучулары ар бир тамгага ыр айтышып ,би бийлешти.Муундан сөз түзүштү ,жомоктун кааармандарын аткарышты ,макал-лакап,жанылмач жанылбай бат айтып беришти.Кыргызбий,Индия бийин бийлеп ,Манас айтып,мугалимге,мектепке,мекенге,ата-энеге ыр арнап беришти.

Жыйынтыктоо :Бир сөз менен айтканда 6 ай ичинде болгон билимин көргөзүштү.Ата-энелердин,коноктордун көңүлүн көтөрүштү.Аягында ата-энелер,мугалимдер ыраазычылык билдиришти.Майрамдын аягында балдарга “1-класстын аяктагандыгы тууралуу диплом”берилди.Мындан ары ,билимге жетип  жаңы бийиктиктерди багындырууга аракет кылабыз.

Жазган:  Айдарбекова Анара

Аманат-Токмок билим беруу мекемесинин куз мезгилине арналган

«Куз деми» эстафетасына анализ 26.10.2021

«Аманат –Токмок» билим беруу мекемесинде куз майрамына арналган

«Куз деми» эстафетасы болуп отту.

Эстафета максаты: Окуучуларды дени сак жашоого жана ынтымака чакыруу.

Эстафета журушу: алым баруучу Сабыров Мирлан

1) Эстафета КРнын Гимни менен башталды

2)Тайпаларды тааныштыруу

2.1)Саламдашуу

2.2)Тайпаны тааныштыруу

2.3)Тайпа урааны

3)Женил оюундар

3.1)Тенис таякчасына топтуу чаап чуркоо

3.2)Топтуу чаап чуркап тегерекчеге тушуруу

3.3)Кап менен чуркоо

3.4)Бир тайпадан эки катышуучу топту банка койуп чуркоо

[illegible] кыздардан атайын дайындалган бий даярдаган

[illegible] классынын окуучусу Казлова А.В

4 Сор оюундар

4.1)Гира которуу

4.2)Отжимание жасоо

4.3)Кол курош

4.4)Аркан тартыш

Кортундуу:Эстафетага 7-класстан 10-класска чейинки окуучулар катышты

Тайпалар арасына бир класстан 1 бала жана1 кыздан тандалып 4 тайпа тузулду.

Тайпа ортосунда ынтымакта жана кайсы тайпа мыкты оюунду алып баргандыгы учун оорундарды беруу максатында калыстар тобу тузулду:

Калыстар тобунун башчысы:Орозбаева А.Д.жана Тарбия болумунун башчысы:Абдыкалыков Р.К жана мугалимдерден дайындалдаы.

Калыстар тобунун чечими менен оорундар берилип жана мактоо баракчалары менен сыйланышты.

1оорун:1 тайпа Куч бирдикте

2оорун 4тайпа Ынтымак

3оорун 2тайпа Ак шумкар

4оорун 3тайпа Манас

Максатыбыз:Окуучуларды дени сак жашоого жана ынтымакка чакыруу максатында отулду.

Уюуштуруучулар:Батабек уулу Озгоруш

Акылбеков Максат

Бекитемин
"АМАНАТ-ТОКМОК" ББМ нын Директору
Алымбеков Б.К
11.10.2021 :

# Алтын күз-2021

| № | Аткарылуучу иштер | мөөнөтү | жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Сүрөт сынагы тема:"Берекелүү күз" (1-4 кл) | 19.10.2021 | Турганбаева К. Класс жетекчилер |
| 2 | Акыл ордо тема: "Жаратылыш кубулуштары" (6-7-8-кл) | 20.10.2021 | Асекова Н. Тургунбаева К. Касымкулова М. |
| 3 | Эң мыкты дил баян тема:"Алтын күз" (4-10-кл) | 21.10.2021 | Исаева А. Каримбекова Р. |
| 4 | Эстафета "Күз деми" (7-8-9-10-кл) | 26.10.2021 | Акылбеков М. Батабек у Ө. |
| 5 | Дубал газетасы тема:"Берекелүү күз" ( 4-11-кл) | Октябрь айы | Абдыкалыков Р.К Кл.жетекчилер |
| 6 | Көргөзмө тема:"Мекенимде алтын күз" (1-10-кл) | 28.10.2021 | Надырбек к А. Асылбекова С. Джаныбекова З. |
| 7 | "Күз балы" сынагы "Мырза 2021" жана "Айым 2021" (8-9-10-кл) | 29.10.2021 | Класс жетекчилер |

Түзгөн тарбия бөлүм башчысы: Абдыкалыков Р.К

Бекитемин
"АМАНАТ-ТОКМОК" ББМ нын Директору
Алымбеков Б.К
11.10.2021 г

**"Берекелүү күз" темасында дубал газетанын жобосу.**

**1. Максаттар жана милдеттер:**

- окуучуларга бир командада иштөөгө үйрөтүү ;

- окуучулардын чыгармачылык жана элестеттүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү;

- мектеп окуучуларын активдүү чыгармачылык ишке тартуу аркылуу моралдык -эстетикалык тарбиялоо;

- табияттын өзгөрүү кубулуштарын байкоого;

**2. Өткөрүү убактысы жана орду:** Октябрь айы. Мектептин фойеси.

**3.Томөнкү мугалимдер жоопту**: Т.Б.Б Абдыкалыков. Р.К. Класс жетекчилер

**4. Иш -чаранын программасы:**

1.Калыстардын катышкан класстардын дубал газеталарын карап чыгуусу.

2.Калыстардын баалоосунун негизинде жыйынтык чыгаруу.

3. Ар бир класстын окуучулары конкурстук дубал газетасында томонкү талаптар болууга тийиш:

3.1. "Берекелүү күз" темасын камтуусу ;

3.2.Идеянын оригиналдуулугу;

3.3.Сүрөт тартууда эч кандай чектөөлөр жок .Карандаш, акварель, гуаш ж.б.у.с каражаттарды колдонууга болот .

3.4.Конкурска даярдык алдын ала жүргүзүлөт.

3.5. Дубал газетада рамканын болушу шарт.

3.6. Конкурска катышкан окуучулар дубал газета аркылуу оздорүнө эмне ой, идеаларды алгандыгы тууралуу баяндап берүүсү.

3.7. "Берекелүү күз " сүрөт конкурсуна 4-11-класстардын окуучулары катыша алат.

**4. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**:

4.1. Алдынкы үч орунга грамоталар тапшырылат.

4.2. Конкурсту атайын бекитилген комиссия мүчөлөрү баалайт.

**6. Жоопту деп бекитилген мугалимдер өткөрүлгөн конкурстун анализин берүүгө тийиш.**

Бекитемин
"АМАНАТ-ТОКМОК" ББМ нын Директору
____________ Алымбеков Б.К
11.10.2021 г

**"Күз балы " сынагынын жобосу**

**1. Максаттар жана милдеттер:**

- окуучуларды оз алдынча ой жугуртууго тарбиялоо ;
- окуучулардын класстар аралык ынтымагын бекемдоо;
- руханий жана моралдык баалуулуктар билүү;
- логикалык ой-жүгүртүүсүн өрчүтүү;

**2. Өткөрүү убактысы жана орду:** 29.10.2021-жыл , спорт залда

2.1. Конкурска даярдык алдын ала жүргүзүлот.

**3.Төмөнкү мугалимдер жоопту**: класс жетекчилер.

**4. Иш -чаранын программасы:**

1.Алып баруучулардын саламдашуусу

2.Калыстар тобун жана катышуучуларды тааныштыруу.

3. Катышуучулардын саламдашуусу.

4. Катышуучулардын жеке номери(ыр,бий ж.б.у.с)

5. Калысстар тобунан суроо

6. Өз өнөрүн көргөзүү

7. Мода көргөзмөсү

**4. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**:

4.1. Алдынкы эки орунга грамоталар тапшырылат.

4.2. I-орунга "Мырза 2021" жана " Айым 2021" наамы ыйгарылат.

4.3. II-орунга "Вице мырза 2021" жана " Вице айым 2021" наамы ыйгарылат.

4.3. Конкурсту атайын бекитилген комиссия мүчөлөрү баалайт.

**5. Катышуучулар:**

*Иш-чарага 8-9-10-класстын окуучулары катыша алат.*

**6. Жоопту деп бекитилген мугалимдер өткөрүлгөн конкурстун сценарий жана анализин берүүгө тийиш.**

Бекитем
"АМАНАТ-ТОКМОК" ББМ нын Директо
Алымбеков
11.10.202

**"Жаратылыш кубулуштары"темасындагы "Акыл ордо"сынагынын жобосу**

**1. Максаттар жана милдеттер:**

- мекенге жана жаратылышка болгон сүйүүнү өрчүтүү;
- окуучулардын чыгармачылык жана ой-жүгүртүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- руханий жана моралдык баалуулуктар билүү;
- табият илимдерине болгон кызыгууну арттыруу;
- логикалык ой-жүгүртүүсүн өрчүтүү;

**2. Өткөрүү убактысы жана орду:** 20-октябрь, саат 13: 00 до. Биология кабинети

**3.Төмөнкү мугалимдер жоопту**: Асекова Н.Тургунбаева К.Касымкулова М.

**4. Иш -чаранын программасы:**

1.Калыстар тобун жана катышуучуларды тааныштыруу.

2. I-тур (биология,география.физика сабактарынан аралаш 18 суроо)

3. Блиц-опрос(көрүүчүлөргө)

*3.1.II-тур( тематикалык бөлүмдөр боюнча суроолор)*

3.2. Физминутка ( Фиксики көнүгүсүү)

3.3. III-тур(логикалык суроолор)

3.4.Конкурска даярдык алдын ала жүргүзүлөт.

**4. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**:

4.1. Алдынкы төрт орунга грамоталар тапшырылат.

4.2. I-орунга кубок

4.3. Конкурсту атайын бекитилген комиссия мүчөлөрү баалайт.

**5. Катышуучулар:**

Иш-чарага 6-7-8-класстын окуучулары катыша алат.

**6. Жоопту деп бекитилген мугалимдер өткөрүлгөн конкурстун сценарий жана анализин берүүгө тийиш.**

Бекитемин
"АМАНАТ-ТОКМОК" ББМ нын Директору
Алымбеков Б.К
11.10.2021 г

**"Алтын күз"темасындагы Эң мыкты дил баян сынагынын жобосу**

**1. Максаттар жана милдеттер:**

- мекенге жана жаратылышка болгон сүйүүнү өрчүтүү;
- окуучулардын чыгармачылык жана ой-жүгүртүү жондомдорун өнүктүрүү;
- мектеп окуучуларын активдүү чыгармачылык ишке тартуу аркылуу моралдык -эстетикалык тарбиялоо.
- руханий жана моралдык баалуулуктар билүү

**2. Өткөрүү убактысы жана орду:** 21-октябрь, саат 13: 00 дө. Усулдук бөлмө.

**3.Төмөнкү мугалимдер жоопту**: Исаева А, Болотбаева А.

**4. Иш -чаранын программасы:**

1. Калыстардын жана мугалимдердин чогулушуу.

2. Кыргыз тили мугалимине тапшырылган, мыкты делген дил баяндарды окуп, угуу.

3. Ар бир класстын окуучуларынын конкурстук чыгармачылык дил баянында:

3.1. Дил баяндын сырткы беттин конкурстун талабына ылайык жазылган стандарт менен толтуруу.

3.2. Берилген теманы адабий тилде жазуу, анын үстүндө ой-жүгүртүү, мазмунун ачуу, киришүүсү ,өнүктүрүүчү ойдун жана жыйынтыктоонун болушу.

3.3. 2 беттен 7 беттке чейин жазылышы керек.

3.3.Конкурска даярдык алдын ала жүргүзүлөт.

**4. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**:

4.1. Алдынкы үч орунга грамоталар тапшырылат.

4.2. Конкурсту атайын бекитилген комиссия мүчөлөрү баалайт.

**5. Катышуучулар:**

Иш-чарага 4-10-класстын окуучулары катыша алат.

**6. Жоопту деп бекитилген мугалимдер жана тарбиячылар өткөрүлгөн конкурстун анализин берүүгө тийиш.**

Бекитемин
"АМАНАТ-ТОКМОК" ББМ нын Директору
Алымбеков Б.К
11.10.2021 г

# "Алтын күз" темасында сүрөт сынагынын жобосу

**1. Максаттар жана милдеттер:**

- туулган жерге болгон сүйүүнү өрчүтүү;
- окуучулардын чыгармачылык жана элестеттүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- мектеп окуучуларын активдүү чыгармачылык ишке тартуу аркылуу моралдык -эстетикалык тарбиялоо;
- табияттын өзгөрүү кубулуштарын байкоого;

**2. Өткөрүү убактысы жана орду:** 19-октябрь, саат 13: 00 до. Мектептин фойеси.

**3.Төмөнкү мугалимдер жоопту**: Тургунбаева К. Класс жетекчилер

**4. Иш -чаранын программасы:**

1.Калыстардын катышуучулардын сүрөттөрүн карап чыгуусу.

2.Калыстардын баалоосунун негизинде жыйынтык чыгаруу.

3. Ар бир класстын окуучулары конкурстук сүрөтүндө төмөнкү талаптар болууга тийиш:

3.1.Сүроттүн аталышы ойдонкү сол бурчунда, аткаруучунун аты-жонү жана классы ылдыйкы он бурчта.

3.2.Идеянын оригиналдуулугу

3.3.Сурөт тартууда эч кандай чектоолор жок .Карандаш, акварель, гуаш ж.б.у.с каражаттарды колдонууга болот .

3.4.Конкурска даярдык алдын ала жүргүзүлөт.

3.5. Сүрөттө рамканын болушу шарт.

3.6. Сурөт "Алтын күз" темасын камтыш керек.

3.7. "Алтын күз" сурот конкурсуна 1-4-класстардын окуучулары катыша алат.

**4. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**:

4.1. Алдынкы үч орунга грамоталар тапшырылат.

4.2. Конкурсту атайын бекитилген комиссия мүчөлөрү баалайт.

**6. Жоопту деп бекитилген мугалимдер жана тарбиячылар өткөрүлгөн конкурстун анализин берүүгө тийиш.**

Бекитемин
"АМАНАТ-ТОКМОК" ББМ нын Директору
Алымбеков Б.К
11.10.2021 г

**"Күз деми" спорттук оюндарынын эстафетасынын жобосу.**

**1. Максаттар жана милдеттер:**

- дени сак жашоого жана спортко болгон сүйүүнү өрчүтүү;
- окуучуларды дене-тарбия жана спорт сабагына кызыктыруу;
- улуттук оюндардын деңгээлин көтөрүү, аларды ынтымактуулукка, намыскөйлүүлүккө, шамдагайлуулукка тарбиялоо;
- мектеп окуучуларын физикалык дене түзүлүшүн жакшыртууга;

**2. Өткөрүү убактысы жана орду:** 26-октябрь, саат 13: 00 дө. Спорт зал.

**3.Төмөнкү мугалимдер жоопту**: Дүйшөнов М.Батабек у Ө.Сабыров М

**4. Иш -чаранын программасы:**

1. Гимн менен салтанаттуу ачуу.

2. Саламдашуу (ураан, команданы тааныштуруу)

3. Женил оюндар (алкак менен чуркоо, кап менен чуркоо,тенис таякчасы менен чуркоо,эки киши башы менен топту жеткируу)

3.1. Черлирдерлердин сүрө бийи

3.2. Орточо оордогу оюндар(эки киши аркан ,скакалка) менен чуркоо, гантель көтөрүү, кол күрөш, эки топту чаап чуркоо).

3.3. Ыр (Көк бөрү)

3.4.Финалдык аркан тартыш

3.5.Конкурска даярдык машыктыруучу агайы менен бирге жүргүзүлөт.

**4. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**:

4.1. Алдынкы үч орунга грамоталар тапшырылат.

4.2. Биринчи орун алган командага кубок

4.3. Конкурсту атайын бекитилген комиссия мүчөлөрү баалайт.

**5. Катышуучулар:**

Иш-чарага 7-8-9-10-класстын окуучулары катыша алат.

**6. Жоопту деп бекитилген мугалимдер жана тарбиячылар өткөрүлгөн конкурстун анализин берүүгө тийиш.**

Бекитемин
"АМАНАТ-ТОКМОК" ББМ нын Директору
Алымбеков Б.К
11.10.2021 г

## "Мекенимде алтын күз" темасында көргөзмөнүн жобосу

**1. Максаттар жана милдеттер:**

- туулган жерге болгон сүйүүнү өрчүтүү;
- окуучулардын чыгармачылык жана баарлашуу жөндөмдөрүн өнүктүрүү;
- мектеп окуучуларын активдүү чыгармачылык ишке тартуу аркылуу моралдык -эстетикалык тарбиялоо.

**2. Өткөрүү убактысы жана орду:** 28 -октябрь, саат 13: 00 дө. Мектептин фойеси.

**3.Төмөнкү мугалимдер жана тарбиячылар жоопту**: Надырбек к А.Асылбекова С.Джаныбекова З.

**4. Иш -чаранын программасы:**

1. Калыстарды жана катышуучуларды тааныштыруу.

2. Табигый материалдардан жасалган кол өнөрчүлүк коргозмосү(жалбырак,жыгач,дүмүрчок ж.б.у.с табигый материалдар колдонулусу шарт)

3. Ар бир класстын окуучуларынын конкурстук чыгармачылык ишинде:

3.1.Аталышы

3.2.Идеянын оригиналдуулугу

3.3. Көргөзмөнүн аткарылышы жана анын презентациясы бааланат.

3.4.Конкурска даярдык алдын ала жүргүзүлөт.

**4. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо**:

4.1. Алдынкы үч орунга грамоталар тапшырылат.

4.2. Алдынкы класска алкыш жарыяланат.

4.3. Конкурсту атайын бекитилген комиссия мүчөлөрү баалайт.

**5. Катышуучулар:**

Иш-чарага 1-10-класстын окуучулары катыша алат.

**6. Жоопту деп бекитилген мугалимдер жана тарбиячылар өткөрүлгөн конкурстун сценарий жана анализин берүүгө тийиш.**